İlahiyat Fakültesinin İlmi Dergisi- 16-17. Sayı 2012

Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
16-17. sayı 2012

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
16-17-саны 2012

# ФАЗЛУРРАХМАНДЫН КУРАНДЫ ТАФСИРЛӨӨ УСУЛУ[1]

Уланбек Ашырматов*

Бүтүрүү квалификациалык ишти аткарууда «Фазлуррахмандын Курани Каримди тафсирлөө усулу» корголду. Дипломдук ишим үч бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмдө куранды тафсирлөөдө замандын шартына басым жасаган, куранды жалпы контексттин негизинде тафсирлөөнү сунуштаган Пакистандык аалым Фазлуррахмандын өмүр-баяны жана чыгармалары жөнүндө маалымат берилет. Экинчи бөлүмдө тафсир илиминин пайда болуусунан тартып, күнүбүзгө чейинки тарыхый тажрыйбасына анализ жасалат. Классикалык таафсир усулу менен күнүбүздөгү тафсир усулун кыскача салыштыргандан кийин, Фазлуррахмандын куранды тафсирлөө усулун талдоого аракет кылынды. Үчүнчү бөлүмдө Фазлуррахмандын куранды тафсирлөө усулуна карата айтылган сын-пикирлерге жана көз-караштарга орун берилди. Бул макала менен дипломдук иштин жалпы мазмунун кыскача таанытууну максат кылдык.

**Киришүү**

Жыйырма үч жыл ичинде амалиятка ашырылуу менен биргеликте бөлүк-бөлүк түшүрүлгөн вахий(куран), бир жактан вахий түшүрүлгөн коомдун муктаждыктарына жооп берсе, дагы бир тараптан коомдон түбөлүк жашоо ааламына карай жол алган бул дүйнөдөгү инсан жана коомдун муктаждыгы болгон универсалдуу принциптерди ортого койгон. Ошондуктан, Куран мурунку вахийлердин уландысы катары учурду жана келечекти өз ичине камтып, инсанга жол көрсөтөт. Негизги максаты, Алланын чексиз кудуретинин негизинде инсандарды куткаруу болгон. Куран- буйрук жана тыюуларын ортого коюуда, коомдун баалуулуктарын жана жашоо образын, ишенимдерин жана коомдо пайда болуучу талаш-тартыш, келишпестиктерди жана маселелерди эске алган.[2]

[1] ОшМУ теология факультети, 2012-жыл, жарыкка чыкпаган дипломдук иш
*ОшМУ теология факультетинин бүтүрүүчүсү
[2]Kılıç, Sadık, *Mitoloji Kitab-ı Mukaddes ve Kur'an-ı Kerim*, İzmir 1993. s.184.

Балким адамзат, тарыхтын эң тез өзгөргөн маданий жашоосун жашап жаткан учуру. Адамды адам кылган баалуулуктардын астын – үстүн болгондугун айтсак, аша чапкандык болбос. Өнүгүүлөр жана өзгөрүүлөр күзөтүп болбой турган даражада ылдамданууда. Мындай баш айландырган ылдамданууга ыңгайлаша албагандар, инсан жана коом катарынан чыгып, тарых барактарына жазылууга талапкер болууга мажбур. Азыркы доор өткөндү эстеп мактана турган, өткөндү эстеп сооронο турган жана өткөн чакта кыялдар менен жашап, убакыт коротоор заман эмес. Заманды окубай, аңдап түшүнбөй, заманга жетишүү да , заманга ыңгайлашуу да эч мүмкүн эмес.

Жогорудагы маселелерди тереңдеп изилдеген кээ бир илимпоздор тарабынан «заманбап жашоодо Ислам» аттуу ысым ыйгарган изилдөөлөрдүн борборунда Фазлуррахман алдыбызга чыгат. Фазлуррахман заманбап жашоодо исламды туура түшүнүүнү, туура жашоону каалаган мусулмандын абалына жол көрсөтүүгө аракет кылган. Анын пикиринде «исламий өнүгүүнү жаңыдан куруу аракетинин борборунда» куран болуусу керек. Башка бир тараптан инсанды тарыхынан ажыратуу да мүмкүн эмес. Мындай учурда адамдын бардык таламдарын эске алуу максатка ылайыктуу болот. Фазлуррахман кандайдыр бир деңгээлде муну иш жүзүнө ашырууга аракет кылган.[3] Себеби, Фазлуррахман исламды туура түшүнгөн, ыкыластуу мусулман аалым. Ислам маданиятын жана батыштын билимин жакшы өздөштүргөн.

Ислам ааламы XI кылымга чейин илимий жана социалдык жашоодо жогорку өнүгүүлөргө жетишкен. XI кылымдан кийин ар бир жаатта солгундоо жана артка кайтуу башталган. Бул окуялар кээ бир аалымдарды терең ойлонткон. Аалымдар солгундоо жана артка кайтуунун себептерин изилдей баштashкан. Кээ бирлери себептерди саясий жана илимий факторлорго байланыштырса, кээ бирлери ыйман жана амалга байланыштырса, кээ бирлери ижтихад эшигинин жабылганына байланыштырды. XVII кылымдан кийин Батыш өлкөлөрүнүн саясий – экономикалык, илимий-технологиялык жааттагы ылдамдуу өнүгүүлөрү жана мусулман өлкөлөргө ар түрдүү кысым жасоолору, мусулмандардын жашоосуна, ыйман амалдарына бүлүк салды. Заманбап жашоодо исламды кандай түшүнүүбүз, кандай жашообуз керек деген маселе мусулмандарды ар түрдүү көз-караштарга алып барды. Бул маселеде көптөгөн аалымдар өз ойлорун ортого салышты. Ушул катардагы аалымдардын бири болгон Фазлуррахман Куранды түшүнүүдө жаңы усул ортого койду. Анын усулун колдогондор менен биргеликте катуу сындагандар да болду.

[3]Onat Hasan, "*Türkiye'de Din Anlayışı ve Fazlurrahman*", Türkiye Günlüğü, 18/ Bahar 1992. s. 5

Изилдөөнүн практикалык баалуулугу Фазлуррахмандын Куранды тафсирлөө усулунун артыкчылык жана кемчиликтерин объективдүү түрдө ачып берип, ага илимий баа берүү болуп эсептелет.

Кураны Карим белгилүү бир доорго эле таандык китеп эмес. Ошондуктан ар бир доордо тафсир кылынышы зарыл. Алла Таала инсандардын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн, инсандардын инсандар менен, инсандардын жаратылыш менен, инсандардын Алла менен болгон мамилесин үйрөтүү үчүн пайгамбарларды, пайгамбарлар аркылуу жашоого жол көрсөтүү үчүн китептерди жиберген.

Пайгамбарлардын алып келген кабарлары убакыттын өтүүсү менен адамдар тарабынан бузулууга учураганда, Алла Таала жаңы пайгамбар жөнөтөөр эле жана адамдар вахий менен болгон келишимдерин кайра калыбына келтиришет болчу. Ушундайча ишеним маданияты жаңыланып, жашоонун маани маңызы шаңга бөлөнүп турган. Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в.) акыркы пайгамбар болгондугу үчүн кыяматка чейин пайгамбар келбейт. Себеби мурунку пайгамбарларга жиберилген кабарлар өзгөрүүгө учураса, пайгамбарыбызга жиберилген Куран күнү бүгүнкүдөй сакталып келүүдө. Исламдагы өзгөрүү мусулмандардын Куранды түшүнүү жана аны жашоосуна байланыштуу. Мусулмандар да динди түшүнүүдө жана аны жашоодо башка үмөттөр кириптер болгон мыйзамдарга баш иет.[4]

Пайгамбарыбыздын көзүнүн тирүүсүндө куранды тафсирлөөгө муктаждык болгондой эле, дүйнөдөн кайткандан кийин да муктаждык болгон. Бул муктаждыктын канааттандырылуусу үчүн тафсир китептери жазыла баштаган. Тафсир илими тафсир усулун да түптөгөн бирок, кийинчерээк заман жана шартка жараша усулун жаңылай алган эмес.

Ислам дүйнөсү акыркы кылымдардагы бардык жааттагы солгундоолорду жандандыруу үчүн жаңыча изденүү жана иш аракеттерди баштады. Бул изденүүлөрдүн борборунда Куран жана аны туура түшүнүү жана туура түшүндүрүү болуп жатат. Ислам дүйнөсү алгачкы доордогу өнүгүүсүн Куран аркылуу ишке ашырган. Демек, кайрадан жандануусу да, өнүгүүсү да Куранды туура түшүнүү жана туура түшүндүрүү аркылуу ишке ашат. Чындыгында, Куран мусулмандар үчүн ыйыктыгын жоготкон жок. Бирок ыйыктык түшүнүгү өзгөрүп, аны түшүнүүдөн көбүрөөк, сооп табуу үчүн, маркумдарга сооп жөнөтүү үчүн окулуп калды. Мындай окуу менен мындай ыйыктык түшүнүк менен гүлдөгөн жаңы маданият куруу

[4]Şimşek, Sait, Günümüz Tefsir Problemleri, Konya, 1995. s.5

мүмкүн эмес. Куран жалпы мазмунунун негизинде так түшүнүлүүсү аркылуу таасирдүү болуусу мүмкүн.[5]

Бирок аалымдардын ортого койгон жаңы тафсир усулдары, башка аалымдар тарабынан сындалып келүүдө.

**Фазлуррахмандын тафсир усулуна болгон көз-караштары жана өзүнүн сунуш кылган тафсир усулу**

Фазлуррахмандын көз-карашында тафсир исламий илимдердин эң маанилүүсү, себеби тафсир куранды түшүнүүгө жана түшүндүрүүгө аракет кылган илим болуп эсептелет. Куранды жашоолоруна жол көрсөтүүчү кылыган мусулмандар алгач Куранды татыктуу түшүнүүлөрү абзел. Куранды татыктуу түшүнүү үчүн кандай тафсир усулуна муктаждык бар? Бул суроонун жообу усулга байланыштуу болгондугу үчүн, толук жооп берүү да бир тафсир усулун түзгөнгө барабар. Куранды түшүнүүдө усулга муктаждык болгондугуна байланыштуу тафсир усулу да тафсир сыяктуу манилүү болуп эсептелет.

Тафсир усулунун негизги максаты куранды бир бүтүндүк ичинде түшүндүрүү болуу керек. Тилекке каршы, салттуу тафсирлердин көпчүлүгү бул максатты толук кандуу аткара албагандыгы үчүн, курандын жалпы көз-карашын ортого коё алышкан эмес. Себеби усул абстрактуу аракет, качан гана ал ишке ашырылган учурда конкреттүү абалга келет. Салттуу тафсир усулдарында эч кандай абстрактуу аракет байкай албайбыз. Булардын баары практикалоодон пайда болгон, курандын жазылышы, топтолушу, анализи жана нүзүл-себеби, мухкем-муташаабих, гарибул-куран, иъжазул-куран, мушкилул-куран сыяктуу темаларды талдашкан. Негизи методология катары тафсир усулу, куранды бир бүтүндүк ичинде түшүндүрүү үчүн түзүлгөн абстрактуу ыкма. Жогорудагы бардык темалар, бир гана ушул ыкманын негизинде аткарылышы керек. Демек, Фазлуррахмандын көз-карашында тафсир усулундагы маселелерди экиге бөлүп карайбыз. 1- абстрактуу методология маселеси, 2- тарыхый тафсир маселелери, ал да биринчи маселе жолго коюлгандан кийин каралуусу абзел.

Заманбап тафсир усулу, баарынан мурда курандын түшүнүлүүсү үчүн багыт алып, Курандын эстетикалык сулуулугу, адабий коздугу, балагаты сыяктуу жактары менен алектенип убакыт, жоготпоо керек. Ансыз деле ыйык Кураны-Карим санат таажысы болуп, муъжиза (керемет) катары мусулмандарга сулуулук жана улуулук тартуулап келет. Бардык максаты куранды түшүнүү болгон

[5] a.g.e. s.5

Фазлуррахмандын сунуш кылган тафсир усулу, өз ичине эки милдетти камтыйт.[6] Орто кылымда Куранды түшүнүү, ачыктоо жана аны жашоодо колдонуу максатында ортого чыгарылган исламий илимдерден тафсир жана фикх усулун «бөлүкчө жана сөзгө басым жасаган» деп сыпаттап сынга алган Фазлуррахман өзү «тарыхый жана бир бүтүндүк» деп атаган усул түзгөн. Ал «тарыхый» деп куранга Аз. Мухаммеддин (с.а.в.) жашоосу менен биргеликте, тарыхый тажрыйба катары, тарыхый көз менен кароону айтып жатса, «бир бүтүндүк» термини аркылуу Курандын ар бир аятын курандын жалпы маани-мазмунун негизинде түшүнүүгө басым жасап жатат.[7]

Жогорку параграфтагы Фазлуррахмандын Куранды тафсирлөө усулун кеңири анын өз тилинен угалы.

«Куранды түшүнүүдө сунуш кылган усулубуз эки милдетти өз ичине камтыйт. Биринчи заманыбыздан курандын түшүрүлгөн заманына баруу, экинчи кайрадан ал жактан өзүбүздүн заманыбызга кайтуу. Себеби Куран, пайгамбарыбыздын убагындагы ахлактык жана коомдук окуяларга жана өзгөчө анын заманындагы соода менен алектенген Мекке коомунун маселелерине пайгамбар аркылуу жиберилген илахий жооп китеп болуп эсептелет. Алгачкы түшүрүлгөн аяттарда Куран, пайгамбардын «белини ийген бир жүктөн» баян кылат.[8] Вахийдин келүүсү бул жүктү жеңилдеткен. Бирок бул жолу вахий башка бир «оор (таблиг) жүгүн» жүктөгөн.[9] Курандын алгачкы түшүрүлгөн сүрөлөрү, Мекке коомунун оор маселелери, ширк, кембагалдардын жабыр тартуусу, соодадагы адепсиздик жана коомго болгон жоопкерчиликсиздиктен баян кылат. Бул абалда Куран бүткүл адамзаттын аң сезимине жалгыз жана күч-кудурет ээси болгон Алла ишенимин орнотуп, абдан жийиркенич болгон социалдык-экономикалык теңсиздикти түп тамырынан жоюуну максат кылган. Курандын илахият, ахлак жана укук жаатындагы доктриналары, кийинчерээк саясий жаатта да аста секин өнүгө баштаган. Меккеликтердин Аз.Мухаммедди пайгамбар катары кабыл кылбоолору жана бул окуянын узун тартышуулары, кийинчерээк Мадина доорундагы яхудийлер менен болгон түшүнбөстүктөр жана христиандар менен болгон араздашуулар, Куран түшүрүлгөн чөйрөнүн негизги окуялары болгондуктан, бул окуялардын өнүгүүсү менен параллель курандын илахият, ахлак жана укук жаатындагы доктриналары, өнүгүү чынжыры жараянында түшүрүлгөн.

[6] Fazlurrahman, *İslam ve Çağdaşlık,* Çev. Alparslan Açıkgenç, M. Hayri Kırbaşoğlu, Ankara Okulu Yayınları, 1999. s. 30-31

[7] Güler İlhami, *Sabit Din Dinamik Şeriat,* Ankara Okulu Yayınları, 1999. s. 85.

[8] Инширах 94/1-3.

[9] Музаммил 73/5.

Бул окуялардан байкаганыбыздай, курандын түшүрүлүүсү жана Ислам коомунун түзүлүшү, тарыхый жана социалдык-маданий өнүгүүнүн негизинде ишке ашырылган. Куран бул окуяларга жооп катары жана көбүнчө конкерттүү тарыхый окуялардын негизинде пайда болгон маселелерге жооп берген, ахлактык, диний жана коомдук өкүмдөрдү өз ичине камтыйт.

Жогоруда белгилеп өткөн эки милдеттен биринчиси, эки жараянды өз ичине камтыйт. Биринчи жараян бир аяттын тарыхый чөйрөсүн жана жөнгө салган маселесин изилдөө, анын далилдерин же маанисин түшүнүү. Албетте, белгилүү абалдардын негизинде белгилүү аяттарды изилдөөдөн мурда, куран түшүрүлгөн аймактан дагы да көлөмдүү аймактардын коом, дин, каада-салт жана уюмдары изилденүүсү зарыл. Кала берсе, Ислам динин пайда болуу учурундагы Арабстандагы  өзгөчө Мекке шаарындагы жана коңшу аймактардагы жашоо, Парс – Византия согуштары да биргеликте изилденүүсү шарт. Бул абалда биринчи милдеттин алгачкы жараяны Курандын бир бүтүндүк ичинде эмнени айтууну максат кылгандыгын түшүнүү жана жеке абалдарга жооп берген белгилүү принциптерин (негиздерин) түшүнүү. Экинчи жараян болсо курандын жеке абалдарга жооп берген белгилүү принциптерин жалпылаштыруу аркылуу жалпы ахлактык-коомдук максаттарын аныктоо. Бул жалпы принциптер, коомдук жана тарыхый тажрыйбанын негизинде изилденген белгилүү аяттардан жана көпчүлүк учурда бул аяттарда баян кылынган өкүмдөрдүн далилдеринен чыгарылат. Негизинен, биринчи жараянда ар бир аятты жакшы түшүнүү, бул – экинчи  жараянга жол көрсөтөт. Эки жараянда да Курандын бир бүтүндүк ичинде ортого койгон мазмунунун сапаты, жетишерлик деңгээлде көзөмөлгө алынышы керек. Белгилүү аяттардан түшүнүлгөн маани, чыгарылган далил жана ортого коюлган пикир, Курандын башка аяттарына карама-каршы болуп калбашы керек. Себеби Куран бир бүтүндүк ичинде белгилүү жашоо образын ортого коюуда жана жашоого болгон көз-карашты конкреттүү түрдө өз ичине камтып жатат. Куран ошол эле учурда ички маани мазмунунда эч кандай карама-каршылыктын жок экендигин баян кылып жатат.

Куранды түшүнүү  аракетинин сапаты жана ишке ашырылуусу жөнүндө бир эки маселеге  төмөндөгүчө басым жасайбыз. Белгилей кетчү нерсе, (тил граматика жана балагат ж.б. менен биргеликте) мусулмандардын, өзгөчө алгачкы доордогу мусулмандардын көз-караш тажрыйбаларын изилдөөдө пайда бар. Бирок алардын көз-караш тажрыйбалары жогорудагы объективдүү маалыматтардын жанында экинчи планда калышы керек. Себеби, тарыхтагы Курандын тафсирлери, Куранды түшүнүүбүздө канчалык жардамчы болушса да, алардын тууралыгы да курандын негизинде бааланат. Мындай көз

караш үчүн бир канча себеп бар. Биринчиси, мурунку тафсирлерде Куранды бир бүтүндүк ичинде түшүнүү үчүн өтө аз аракет кылынган. Экинчиси, убакыт ичинде ар түрдүү көз-караштардын жана өз алдынча туураладын пайда болуусу, алардын өнүгүүсү жана калыптануусу менен жеке жоромолдор көбөйгөн. Ушул себептен тарыхый тажырыйбалардын жыйындысы, күмөнсүз бизге жаңы түшүнүктөр тартуулайт, бирок тарыхый тажырыйба, Куранды жаңыдан түшүнүүгө жардамчы болуудан көбүрөөк, жаңы түшүнүктүн баа берүүчү темасы боло алат.

Биз сунуш кылган илимий жоромол усулунун биринчи милдети (жекеликтен жалпылыкка) т.а. Курандын кээ бир аяттарынан анын жалпы принциптерин, узун мөөнөттүү максаттарын ортого чыгарып системалаштыруу. Экинчи милдети болсо (жалпыдан жекеликке) т.а. ортого коюулган жалпы принциптерди учурдагы абалга форматташтыруу аркылуу учурдун маселелерине басым жасоо. Ортого коюлган жалпы принцип, учурдагы конкреттүү коомдук-тарыхый абал менен айкалышып системалаштырылуусу керек. А бул болсо учурдагы абалды абдан так изилдөөбүздү жана ээ болгон маалыматтарды туура анализ кылуубузду талап кылат. Ушул ыкма аркылуу учурга баа берип, керектүү болгон өзгөрүүлүргө кадам таштай алабыз. Жогорудагы эки милдетти ийгиликтүү аткара алган учурубузда гана, Курандын буйрук жана тыюулары күнүбүздө жандуулукка жана өтүмдүүлүккө ээ боло алат. Мындай абалда биринчи милдет тарыхчынын милдети болсо, экинчи милдет социалдык жааттагы илимпоздорго жүктөлмөкчү. Негизги «таасирдүү багыт» берүү милдети ахлакчынын милдети болуп эсептелет.»[10]

Фазлуррахмандын пикиринде заманыбыздагы тафсир усулу Аз.Мухаммеддин (с.а.в.) убагындагы доорду жана жашап жаткан доорубузду жана коомубузду терең изилдеп түшүнүүбүздү жана курандан чыгарган принциптердин негизинде күнүбүздөгү маселелерди жөнгө салуубузду сунуштаган «тарыхый жана бир бүтүндүк» усулу болушу керек. мына ушул учурда гана Курани Карим өзүнүн универсалдуулугун сактай алат.

## КОРУТУНДУ

Фазлуррахман 1919 - жылдын 21- сентябрында Пакистандын түндүк батышында орун алган Хазара шаарында диндар үй-бүлөдө

[10]Fazlurrahman, *İslam ve Çağdaşlık*, Çev. Alparslan Açıkgenç, M. Hayri Kırbaşoğlu, Ankara Okulu Yayınları, 1999. s. 55-58.

жарык дүйнөгө келген. Фазлуррахмандын өзүнүн айтуусу боюнча он жашында куранды толук жаттаган жана жаңы көз-караштагы пикир адамы болуп жетишүүсүнө атасынын зор салымы болгон. Фазлуррахман алгачкы билимин атасынын көзөмөлүндө Пакистандагы Дарси Низамий аттуу салттуу медреседе алган. 1940-жылы Пенжап университетинин арабча бөлүмүн аяктаган сон ошол эле университетте аспирантурада билимин уланткан. 1942-жылы аспирантураны бүткөндөн сон ошол эле университетке изилдөөчү болуп ишке кирет. 1946-жылы Англияга докторантурага барганга чейин университетте изилдөөчү болуп кызмат кылды.1946-жылы баштаган докторантурасын 1949-жылы ийгиликтүү аяктаган. Билим алуусун ушул таризде уланткан Фазлуррахман, жаш кезинде салттуу медреседен алган илимин, Батыштын заманбап билими менен айкалыштыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. 1988-жылдын 26- июлунда дүйнөдөн кайтты.

Кайра жаралуу жана илимий технологиялык революциядан кийин Батыш өлкөлөрү илим, технология, экономика жана аскердик жааттардагы багындырган ийгиликтеринин натыйжасында, дүйнөнүн бардык калкына саясий, социалдык жана маданий жактан олуттуу таасирин тийгизип келүүдө. Мисал катары батыш өлкөлөрүнүн чыгыш өлкөлөрүнө согуш ачуусу, чыгыш өлкөлөрүнүн үстүнөн саясий жеңиштерге ээ болуусу, мусулман өлкөлөрдүн маанилүү бир бөлүгүн өз колонияларынын астына алып материалдык жана моралдык жактан кысым көргөзүүлөрүн айтууга болот. Бул жеңилүүлөр жана аянычтуу окуялар кылымдар бою илимий жана практикалык жашоосунда солгундоо болгон ислам дүйнөсүн кайрадан жанданууга, ойгонууга, терең ойлонууга түрттү. Жаңы кыймыл-аракеттин негизги максаты: ислам дүйнөсүнүн алгачкы доордогу нукуралыгын жана өнүгүү динамикасын кайрадан жашоого кайтаруу аркылуу, мусулмандардын жашоосундагы солгундоону, артта калууну, алсыздыкты жоюп, Курандын негизинде коомдук өзгөрүүнү туура кабыл кылып, учурдагы мусулмандардын саясий-экономикалык, социалдык-маданий маселелерин замандын шартына жараша чечүү болуп эсептелет.

Фазлуррахмандын көз-карашында тафсир исламий илимдердин эң маанилүүсү, себеби тафсир Куранды түшүнүүгө жана түшүндүрүүгө аракет кылган илим болуп эсептелет. Фазлуррахмандын куранды түшүнүүдө сунуш кылган усулу эки милдетти өз ичине камтыйт. Биринчиси заманыбыздан курандын түшүрүлгөн заманына баруу, экинчиси кайрадан ал жактан өзүбүздүн заманыбызга кайтуу. Илимий жоромол усулунун биринчи милдети (жекеликтен жалпылыкка) т.а. курандын кээ бир аяттарынан анын жалпы принциптерин, узун мөөнөттүү максаттарын ортого чыгарып

системалаштыруу. Экинчи милдети болсо (жалпыдан жекеликке) т.а. ортого коюлган жалпы принциптерди учурдагы абалга форматташтыруу аркылуу учурдун маселелерине басым жасоо. Ортого коюлган жалпы принцип, учурдагы конкреттүү коомдук-тарыхый абал менен айкалышып системалаштырылуусу керек. А бул болсо учурдагы абалды абдан так изилдөөбүздү жана ээ болгон маалыматтарды туура анализ кылуубузду талап кылат.

Албетте, ушул күнгө чейинки кылынган жоромолдордо ката кемчиликтер болгон сыяктуу эле, бүгүнкү күндөгү жоромолдордо да ката кемчиликтер болот.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР**


1. Şimşek, Sait, Günümüz Tefsir Problemleri, Konya, 1995.
2. Açıkgenç, Alparslan, *Fazlurrahman*, İslam Ansiklopedisi, TDV, İstanbul, 1995, c. 12.
3. Fazlurrahman, *İslam ve Çağdaşlık,* Çev. Alparslan Açıkgenç, M. Hayri Kırbaşoğlu, Ankara Okulu Yayınları, 1999.
4. Kuşpınar, Bilal, *"Fazlurrahman'ın Eserlerinin Genel Bir Tanıtımı"*, İslami Araştırmalar Dergisi, Ankara, 1989, c.4.
5. Fazlurrahman, *Tarih Boyunca İslamî Metodoloji Sorunu,* Çev. Salih Akdemir, Ankara Okulu Yayınları, 1997
6. Fazlurrahman, *Ana Konularıyla Kur'an,* Çev. Alparslan Açıkgenç, Ankara Okulu Yayınları, 1999.
7. Demirci Muhsin, *Tefsir Tarihi*, İstanbul, 2003.
8. Albayrak Hâlis, *Tefsir Usûlü*, Şûle Yayınları, İstanbul, 1998.
9. Güler İlhami, *Sabit Din Dinamik Şeriat,* Ankara Okulu Yayınları, 1999.
10. Halil Altuntaş, Muzaffer Şahin, *Kur'an-ı Kerim Meâli*, DİB,2. Baskı, Ankara, 2005.
11. Kılıç, Sadık, *Mitoloji Kitab-ı Mukaddes ve Kur'an-ı Kerim*, İzmir 1993.
12. Onat, Hasan, *"Türkiye'de Din Anlayışı ve Fazlurrahman"*, Türkiye Günlüğü, 18/ Bahar 1992
13. Recep Yıldız, "Ömrünü Yanlışa Adayan Adam: Fazlurrahman", Submitted by Deniz on Salı, 2007-09-04 14:15
14. İbrahim Hatiboğlu, *Fazlurrahman: Hayatına ve Fikirlerine Dair Genel Bir Çerçeve,* Cağfer Kardaş, Çağdaş İslam Düşünürleri, Arasta Yayınları, Bursa, 2003.
15. Mevlüt Uyanık, *Kur'an'ın Tarihsel ve Evrensel Okunuşu,* Ankara, 1997.